УДК: 372.3

Жанузакова Н.Р.
*№11- гимназия-мектебинин башталгыч*
*класстарынын мугалими. Каракол ш.*

# САБАКТЫН ПЛАН – КОНСПЕКТИСИ: «ЖАНДУУ ЖАНА ЖАНСЫЗ ЖАРАТЫЛЫШ», МЕКЕН ТААНУУ, 2- КЛАСС

*Мектепте билим сапатын жакшыртууда өтүлүүчү материалдын окуучулар үчүн жөнөкөй, жеткиликтүү болушу зарыл. Мында жаңыча стандарттык компетенттүүлүктүн негизинде түзүлгөн сабактын план-конспектисинин үлгүсү берилди. Бул сабакта активдүү окутуунун формалары, интерактивдүү методдор колдонулду. Бул инсанга багытталган окутууда жашоо-турмуш менен тыгыз байланыш түзүлдү. Көйгөйлүү маселе: жаратылыш биздин материалдык байлыгыбыз, адам жаратылыштын бир бөлүгү, жаратылышты коргоо , ага аяр мамиле жасоо тууралуу сөз болот.*

***Негизги сөздөр:*** *активдүү окутуу, компетенттүүлүк, интерактивдүү, топто иштөө, жеке иш, жупта иштөө, жаратылыш, табышмак, жылмаюу, жандуу, жансыз, адам, өсүмдүк, жаныбар, аба, суу, топурак, байланыш, жаратылышты коргоо, аяр мамиле, зыян.*

*Чтобы улучшить качество образования в школе, материал для учеников должен быть простым и доступным. Предлагаемый план-конспект урока составлен в соответствии со стандартом и компетентным обучением. На уроке используются формы активного обучения и интерактивные методы обучения. Это личное направление обучения тесно связано с жизнью. Основная цель образования: природа - это наше материальное благосостояние, человек - это часть природы и он защищает природу и заботиться об окружающей среде.*

***Ключевые слова:*** *активное обучение, компетентность, интерактивный, работа в группах, самостоятельная работа, работа в парах, природа, загадка, улыбка, живой, не живой, человек, растение, животное, воздух, вода, почва, связь, защита, забота, вред.*

*To improve the quality of education in the school, the materials for students should be simple and accessible. The proposed sample plan is compiled according to the educational standard and competent teaching. The forms of active learning and interactive teaching methods are used at the lesson. This personal direction of learning is closely related to life. The main goal of education: nature is our material well-being, a human being is a part of nature and he protects nature and takes care of the environment.*

***Key words:*** *active learning, competence, interactive, group work, individual work, in pairs nature, riddle, smile, alive, not alive, man, plant, animal, air, water, connection protection, care, harm.*

Окутуунун жаны методу же жаңыча түшүнүктөрдү ар бирибиз өзүбүз түшүнгөн деңгээлде жазып, колдонуп, дагы деле болсо бир деңгээлде жазып колдоно албай жүргөнүбүз чындык. Ошондуктан бул иштелме сабактын план-конспектисин башкалар үчүн дагы үлгү, жардам катары сунуш кылгым келет.

Окуучулардын активдүүлүгү жана алардын окууга болгон жоопкерчилиги өзүнөн-өзү пайда болбойт, ага мугалим демилге көтөрүшү керек.

Улуу педагог Жан Жак Руссо белгилегендей «…окутуунун максаты– баланы өзүнө керектүү билимдерди кабыл алууга үйрөтүү…»

Бала мектеп партасында гана отуруп дүйнөнү тааныбастан, курчап турган дүйнө менен активдүү алакалашуу аркылуу да өзүнүн көп кырдуу таанып- билүүсү өнүгөт.

«Менин ишенимим – балалыктын жашоо тажрыйбасынан аларга жардам берүү, анткени баланын жашоо тажрыйбасы канчалык көп кырдуу болсо, анда ал адамзаттын ийгиликтүү бай тажрыйбасына ээ болот» - деген Ш.А.Амонашвилинин сөзүн жактаар элем.

Мектептеги окуу-таанып-билүү процесси окуучулар өз алдынча кооперативдешип окууга, окуучу өзүнүн жеке умтулуусун өнүктүрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болгудай кылып уюштуруусу керек.

- окуусунун активдүүлүгү
- окуучунун жеке тажрыйбасын эске алуу
- зарыл убакта ролду алмаштыруу окуучу - «актер», мугалим - «көрүүчү»,
- рефлексия жүргүзүү, кайчылаш байланыш жүргүзүү.

Мында окуучулар окуу ишинин объектиси эмес, субьектиси болуп калат. Окуучулардын ички умтулуусу жогорулайт. Мугалимдин окутуу стили өзгөрөт. Ар бир окуучу үчүн кабыл алуу денгээли пайда болот.

Окутуунун интерактивдүү ыкмаларын колдонуп өтүүдө окуу окуучулар үчүн кызыгууну жаратат. Окутуунун жаңы формаларында сабакта ролдун алмашуусунан мугалимдин активдүүлүгү окуучуга өтөт. Окуучу − активдүү актер, мугалим − көрүүчү, активдүү байкоочу, режиссер болуп калат.

Мындай окууда башталгыч мектептин окуучулары алардын жашоосу, окуусу өз күчүнүн жыйынтыгы экендигин билүүгө үйрөнүшөт. Окууну мындай түшүнүү окуучулар үчүн абдан маанилүү. Алар билимди өз алдынча өздөштүрүүгө, өз алдынча чечим кабыл алууга жана бүтүндөй жашоосунда керектүү боло турган, өзү кабыл алган чечимдерине-компетнецияларына карата жооп берүүгө үйрөнүшөт.

**Сабактын темасы: Жандуу жана жана жансыз жаратылыш**

**Сабактын максаты:**

**1. Билим берүүчүлүк:** Жаратылыштын бөлүнүшү боюнча кеңири маалымат алышат. Жандуу, жансыз жаратылышты бири-биринен мүнөздүү белгилери боюнча айырмалап ажырата алышат..

**2. Өнүктүрүүчүлүк:** Өз оюн далилдүү айтууга, эркин сүйлөөгө көнүгөт. Логикалык ой жүгүртүүсү, кругозору өнүгөт.

**3. Тарбиялык:** Топтордо иштөө менен бири-бирин сыйлоого, кызматташууга калыптанышат, толеранттуулукка, жаратылышты сүйө билүүгө, ага аяр мамиле жасоого тарбияланышат.

**Сабактын тиби:** Жаңы билимдерди өздөштүрүү.

**Сабактын усулу:** Активдүү окутуунун формалары, интерактивдүү, ангемелешүү, түшүндүрүү, көйгөйдү баяндоо.

**Сабактын формасы:** Фронталдык, жекече, топто иштөө.

**Ресурстар:** Окуу куралдары, темага карата сүрөттөр, таркатма материалдар, ОТК, баалоо үчүн карточкалары

**Баалоо:** Формативдик баалоо, калыптандыруучу баалоонун техникалары

| Негизги компетенттүүлүктөр: | Предметтик компетенттүүлүк: |
|---|---|
| **1. Маалыматтык (МК)**<br>Жандуу, жансыз жаратылыш боюнча кеъири түшүнүк алышат, жаъы маалыматтарга ээ болушат (суроо-жооп, китеп менен өз алдынча иштөө, слайд аркылуу.)<br>**2. Социалдык–коммуникативдик (СКК)**<br>Өз ойлорун далилдүү айта билүүгө жана жаза билүүгө көнүгүшөт (топто иштөө, жупта иштөө, жекече иштөө).<br>**3. Өз иштерин уюштуруу, көйгөйлөрдү чечүү (ӨӨУ).**<br>Байкагыч болууга калыптанат, өз иштеринин жетишкендиктерин талдай алышат. Алган билимдерин турмушта колдонот. | **Таанып-билүүчүлүк жана илим.**<br>**К1**: илимий изилдөөнүн көйгөйлөрүн көтөрүү, маалымат керек боло турган сөздөрдү аныктоо, негизги өзгөчөлүктөрдү табуу.<br>**К 2: Кубулуштардын илимий түшүнүктөрүн андап билишет.**<br>Билимдерди колдонуу, болжолдоо, түшүндүрүү, жаратылыш кубулуштарын таанып-билүү.<br>**К 3: Илимий тыянактарды колдонуу**<br>Маалыматтарды, фактыларды чогултуу жана тыянак чыгаруу, талдап чыгуу, натыйжаларын баалоо. |

| Сабактын этаптары | Мугалимдин ишмердүүлүгү | Окуучунун ишмердүүлүгү | Баалоо | Компет-төр |
|---|---|---|---|---|

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Уюштуруу**<br><br>**Жагымдуу жагдай түзүү** | - Саламатсыъарбы, балдар? Бүгүнкү сабакка даярсыъарбы? Маанайыъар жакшыбы?<br>-Кана, балдар, бүгүнкү сабакты мен силерге «Жылмаюу» тууралуу бир окуя айтып беүү менен баштагым келди | | | |
| | **Слайд аркылуу окуяны айтып берүү**<br>-Карагылачы, балдар, бул кичинекей кыз адамга жылмайып кароо менен канчаланган адамдардын бири бирине жакшылык кылуусуна себепкер болду. Ал гана эмес, көптөгөн адамдар да так ушул кыздын жылмаюусунан улам өрттөн аман калышты<br>Кана, силер да мени карап жылмайып койгулачы, бири-бириъерди карап жылмайгыла, эми классыбызда отурушкан биздин урматтуу конокторубузду карап жылмайып койгула. Мүмкүн, бул жылмаюуъар менен силер дагы адамдардын жакшылык кылуусуна себепкер болосуъар. Сабактын аягына чейин маанайыъардын ушундай ачык болуусун каалайм!<br>Кана эмесе, бири-бирибизге ийгилик каалоо менен сабагыбызды баштайлы. | «Жылмаюу» аттуу окуя менен слайд аркылуу таанышып, бири- бирине жагымдуу маанай тартуулашат | | МК<br><br>СКК<br>ӨӨУ |
| **Окуучулар-дын билим-дерин актуалдаш-тыруу** | **Сен карагын, жаш досум,**<br>**Айланада эмне бар.**<br>**Асман көгүш туптунук,**<br>**Алтын нурун күн чачат.**<br>**Шамалда бийлейт жалбырак,**<br>**Асманда жылат сур булут.**<br>**Талаа, чөптөр, дайралар,**<br>**Тоолор, аба, булактар.**<br>**Куштар, айбан, токойлор,**<br>**Чыгылган, туман жана шүүдүрүм.**<br>**Адамзат жана жыл мезгил.**<br>**Мунун баары** | Табышмактын жандырмагын | | К1<br>К2<br><br>СКК |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Максат коюу**<br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br>**Жаңы материал-ды түшүндү-рүү** | **…………(жаратылыш)**<br>- Жаратылыш деген эмне?<br>Эмне үчүн мен сабагыбыздын башында эле жаратылыш жөнүндө сөз кылдым. Бүгүн биз эмне жөнүндө сүйлөшөбүз?<br><br>**Интерактивдүү көнүгүү**<br>Анда эмесе, сабагыбыздын темасын табуу үчүн<br>-Азыр биз **төртүнчүсү ашык** оюнун ойнойбуз<br>.<br>Демек, бүгүнкү биздин сабагыбыздын темасы:<br>**«Жандуу жана жансыз жаратылыш»**<br>-Балдар, бүгүн сабакка карата кандай максаттарды көздөсөк болот?<br>**Сабактын максаты:**<br>Бүгүн биз жандуу жана жансыз жаратылыш тууралуу кеп кылабыз. Жандуу жана жансыз жаратылышты мүнөздүү белгилери боюнча ажыратып айырмалаганды үйрөнөбүз. Жаратылыштын адам баласы үчүн кандай мааниге ээ экендигин жана эмне үчүн аны коргоо керектигин түшүнөбүз.<br><br>**Жаратылыш деп** Адам колунан жасалбаган, көзгө көрүнгөн нерселердин бардыгын айта алабыз. Жаратылыш экиге бөлүнөт: жандуу жана жансыз жаратылыш .<br>**Жандуу жаратылыш:** дем алат, өсөт, тамактанат, көбөйөт, өлөт, Кана, анда жогоруда айтылгандарды эске алып, жандуу жаратылышка мисал келтирип көргүлөчү<br>**Жансыз жаратылыш:** дем албайт, өспөйт, тамактанбайт, көбөйбөйт, өлбөйт.<br>Эми жансыз жаратылышка мисал | таап, ага карата өз ойлорун айтышып, бири -бири менен ой бөлүшүшөт<br><br><br>Суроо-жооп<br>**Топто иштөө эрежесин иштеп чыгышат.**<br>• тартипти сактоо<br>• бири-биринин оюн сыйлоо,<br>• биргелешип иштөө<br>• бөлүнгөн убакытты сактоо<br>• тазалыкты сактоо. ж.б.<br>**Ар бир топ сүрөттөрдөн ашык сүрөттү таап тегеректешет.**<br>**1-топ** жандуу жаратылыш.<br>**2-топ** жансыз жаратылыш.<br>**3-топ** адамдын колунан жасалган нерселерди таап, белгилешет.<br>Сабактын темасы менен таанышышып, божомолдоп максат коюшат.<br>Сабактын максаты менен таанышышат. | «Кол белги-си». | ӨӨУ<br>СКК<br><br>К1<br>К2<br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br>ӨӨУ<br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br>МК<br>СКК<br>ӨӨУ<br>К 1<br>К2<br>К3 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | келтирип көрөлү.<br>**Жандуу** (өсүмдүк, жаныбарлар, курт-кумурскалар, адамдар ж.б.)<br>**Жансыз** (тоо, таш, күн, жылдыз, шамал, жамгыр, суу ж.б.) кирет.<br>**Дидактикалык оюн**<br>Жандуу жана жансыз жаратылышты камтыган сүрөттөрду көргөзөт. | Жаратылыш тууралуу маалымат алышат.<br>Жандуу жана жансыз жаратылышка мисал келтирип бири- бири менен ой бөлүшүшөт. | | МК<br>СКК<br>ӨӨУ<br>К1<br>К2 |
| | **Жандуу жаратылыш менен жансыз жаратылыштын айырмасы**<br>**слайд көрсөтүү менен түшүндүрүү**<br>Жаратылышта эч кандай ашыгы да, керексизи да жок. Жаратылышта баарынын өзүнүн орду, мааниси жана кереги бар. Айрыкча, биз пайдаланып жаткан суунун мааниси өтө зор. Адам баласы тамак-ашсыз бир айдан ашык жашай турган болсо, суусуз бир нече күн гана жашайт экен. Анда эмесе, жаратылышта суунун дагы кандай мааниси бар экендиги тууралуу инсценировкага силер менен чогу күбө бололу. | **Жандуу** жаратылыш болсо кол чабышат<br>**Жансыз** жаратылыш болсо кыймылдабай түз турушат. | Калып танды-руучу сурам-жылоо | МКК |
| | **Күн менен жер**<br>**Автор:** Бир жолу күн негедир жерге түшүп келди дейт.<br>Жердин бетин кыдырып, жай-баракат көрдү дейт.<br>Тунук сууга суктанып, жерге суроо берди дейт.<br>**Күн:** - Эгер жамгыр болбосо.<br>Жер бетинде не болмок?<br>**Жер:** - Бүчүрлөрү бүрүшүп,<br>Чөптөр соолуп жоголмок.<br>**Күн:-** Оргуп булак чыкпаса,<br>Жандууларга не болмок?<br>**Жер:** - Каны катып чаъкаса,<br>Жандык **өлүп** жоголмок.<br>**Күн:** - Суу акпаса мөлтүрөп,<br>Адамдарга не болмок?<br>**Жер**: - Өмүр өчүп, жалп этип, | Слайд аркылуу жандуу жана жансыз жаратылыштын айырмасын түшүнүшөт. | Калып танды-руучу баалоо | СКК<br><br>ӨӨУ<br><br>МК<br>К1<br>К2<br>К3<br><br>ӨӨУ |

<table>
<tr>
<td>Эс алдыруу минутасы</td>
<td>Жашоо-турмуш жоголмок.<br>Күн менен Жер:<br>-Тунуктугун каалайлы.<br>Анда, сууну баалайлы!<br>Демек, жаратылышта суунун кандай мааниси бар экен?<br>Суусуз жашоого мүмкүн бекен?<br><br>Китебибиздин 11- бетиндеги сүрөткө көнүл бурабыз. Бул тапшырманы биз жуп менен иштейбиз. Жандуу жана жансыз жаратылышты бөлүп дептерибизге жазып чыгабыз.<br><br>Суу бар үчүн<br>Колума кир жолотпой,<br>Суу менен жууп кетирем.<br>Суу бар үчүн жылмайсам,<br>Нур төгүлөт бетимен.<br>Суу бар үчүн тазалык,<br>Бу дүйнөдө сакталат.<br>Суу бар үчүн өмүрлөр,<br>Күлүп- жайнап, шаттанат.<br>Шамал бетти аймалап,<br>Бак-дарактар чайпалат.<br>Байчечекей гүл ачып,<br>Куштар учту асманга.<br>Балдар көчөт тигишти,<br>Айлана шаъга бөлөнүп.<br><br>Жаратылышта бардыгы өз ара тыгыз байланышта.<br>Жаратылыштын бир бөлүгү болгон адам да айлана чөйрөсүндөгү жер, суу, аба жана бардык организмдер менен байланышта болот.<br>Жупта иштөө<br>Жандуу жана жансыз жаратылыштын бири- бири менен болгон байланышын жебелер аркылуу туташтыр. Бул байланыш тууралуу бири-бирине айтып бер.<br><br>Күн<br>Суу</td>
<td>Инсценировка коюшат.<br>«Күн менен Жер»<br><br>Суроо- жооп иретинде ангемелешүү менен суроолорго<br><table><tr><th>Жандуу</th><th>жансыз</th></tr><tr><td>Өрүк<br>Адам<br>Тыйын чычкан<br>Пахта</td><td>Суу<br>Ай<br>Күн<br>Таш<br>Аба<br>топурак</td></tr></table>жооп беришет.<br><br>«Суу бар үчүн» Ыр айтышат.</td>
<td>Калып тандыруучу сурамжылоо<br><br>Кол белги<br><br>Эталон аркылуу текшеришип бирибирин светофор техникасы аркылуу баалашат<br>1 ката-</td>
<td>ӨӨУ<br>СКК<br><br>ӨӨУ<br>СКК<br>К1<br>К2<br><br>МК<br><br>СКК<br>К3<br><br>ӨӨУ<br>К1<br>К2<br>К3</td>
</tr>
</table>

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Жаныбар<br>Адам<br>Өсүмдүк<br>топурак<br>Аба<br>**Адам** - башка жандуулардай эле дем алат, тамактанат, көбөйөт, өсөт, өлөт.<br>Адам өзүнө керектүү нерселердин баарын жаратылыштан алат. Адам башка жандуулардан айырмасы ойлоно алат, т. а., акыл -эстүү Акылы менен машина, самолет, ракета ж.б. ойлоп табат. Адам өзүнүн ойлоп тапкычтыгы менен айлана-чөйрөнү өзгөртө алат. Анын билими ар тараптуу. Биз адам жаратылыштын бир бөлүгү экенин аныктадык. Жаратылыш байлыктарын жашоосунда пайдаланат. Бирок жаратылышты сактоо жана сарамжалдуу пайдалануу керек экенин унутпашыбыз керек.<br><br>**Видео ролик**<br>**Жыйынтык чыгаруу**<br>**АДАМ- жаратылыштын эн акылдуусу. Жаратылышты коргоо да, кордоо да биздин колубузда. Андыктан жаратылышка аярлап мамиле кылууну унутпайлы!**<br>**Мекеди коргоо- бабалар мурасын сактап, кийинки муунга өткөрүп берүү биздин алдыбыздагы ыйык милдет.**<br>**Бул абдан кызык.** (слайд)<br>-Келгиле анда, азыр адам жаратылышка окшоштуруп эмнелерди ойлоп тапкан көрөлү:<br><br>**Мисалы:**<br>Уйгакка окшоштуруп- куртканын бекиткичтерин, ботинканын | Ырды балдар кыймыл менен туурап, көнүгүү жасашат<br>.<br><br>Жупта иштөө: бири-бири менен ой бөлүшүп кеңешип иштешет. Берилген схманы туташтырышып иштешет.<br><br>**Адам баласынын жаратылышка тийгизген таасири тууралуу видео ролик көрүшүп, бири- бири менен ой бөлүшүп жыйынтык чыгарышат.**<br><br>Ой жүгүртүп, жаратылыштан алып жана окшоштуруп | кызыл<br>2 ката<br>жашыл<br>3 ката<br>сары<br>Ката-лардын санына жара-ша түстөр менен билдиришет. | МК<br>СК<br>ӨӨУ<br>К1<br>К2<br>К3<br><br>МК<br>К1<br>К2<br>К3<br>ӨӨУ<br>СК<br><br>МК<br><br>СК<br>ӨӨУ |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Бышыктоо**<br><br><br><br><br><br><br><br>**Рефлексия**<br><br><br><br><br><br><br>**Уйго тапшырма**<br><br>**Баалоо** | чаптап бекиткен жерлерин ойлоп табышкан. Кушка окшоштуруп самолетту ойлоп табышкан ж.б.<br>Бүгүн биз сабакта эмнелерди үйрөндүк?<br><br>Кайсы маалыматтар силер үчүн абдан кызыктуу болду?<br>Канткенде биз жаратылышка зыян келтирбей жашайбыз?<br>Эмне үчүн биз жаратылышты коргошубуз керек экен?<br>Биз сабагыбыздын башында коюлган максаттарыбызга жеттикпи?<br><br>Быйтыкчалар аркылуу белгилөө<br>-Мага сабак абдан жакты, (көнүлдүү)<br>-мен анча түшүнө алган жокмун(пас маанай)<br>- Мага сабак оор болду (кайгылуу)<br>Кол белги аркылуу сабактын сапатын баалоо<br><br>Адамдар жаратылышка окшоштуруп дагы эмнелерди ойлоп табышкан?<br><br>Сабакта активдщщ катышкан окуучуларды мактоо, алкыш айтып, аракетине жараша баалоо. | жасаган адам баласынын эмгектери тууралуу айтып беришет.<br><br><br>Берилген суроолорго жооп берилген суроолорго жооп беришип, алган билимдерин бышыкташат.<br><br>3 түрдүү быйтыкчаларды көтөрүү аркылуу сабакты баалап, маанайын көргөзүшөт.<br><br>Кол менен белги беришет.<br><br>Өз алдынча таап, жазып келишет.<br>11- бет. өтүлгөндөр боюнча айталоо жүргүзүү. | Калып танды-руучу сурам-жылоо | КЗ<br><br><br><br><br>ӨӨУ<br><br><br><br><br><br><br><br><br>ӨӨУ |

**Адабияттар:**

1. Бекбоев И. Алимбеков А. Азыркы сабакты даярдап өткөрүүнүн технологиясы. – Бийиктик, 2011-192 б.
2. Адилова Г.И. Мекен таануу 2-класс. –Бишкек: «Инсанат», 2011.
3. Койнова-Цельнер Ю.В. Башталгыч мектепте активдүү окутуунун педогогикалык технологиялары. – Бишкек, 2014.
4. Алымова А., Буртикова А., Мыкова М., Рыскулов Ж. Окуучуларды баалоо. Жаңыча мамилелер жана усулдар. –Бишкек, 2010.
5. Эсеналиев К. ж.б. Формативдик баалоо жана инсанга багытталган окутуунун,

таанып-билүүнүн усулдары. –Бишкек, 2007.